-коомдук иштерди алсак, 1995-жылы "Манас"эпосунун 1000 жылдыгын белгилөөнү даярдоодо "Манас-1000" дирекциясынын алдында уюшулган өкмөткө караштуу "Мурас"ишкер долбоорунун директору болуу менен симпозиум, коференция өткөрүп, кыргыз тарыхы, этнографиясы, Манас эпосунун үч илтигин толук басмадан чыгарган болчу. Илим менен катарлаш саясатта, мамлекеттик иште Кыргыз Республикасын Президентинин апаратынын социалдык саясат бөлүмүнүн башчысы, Этностук, диний саясат жана жарандык коом менен өз ара аракетенүү бөлүмүнүн башчысы кызматтарын аркалады. Абылабек Асанканович учурунда КМУнун тарых факультетинин деканы, И.Арабаев атындагы КМУнун ректору болуп турду. Демек, Абылабек агай ар бир иштин өтөөсүнө чыккан кыргыздын чыгаан инсаны. Абылабек агайга мындан ары дагы ишиндеги күжүрмөн ийгиликтерди каалайм. Жетимиш жылдык кутман курагыныз кут болсун.

**Пайдаланган адабияттар:**

1. Б.Урустанбеков,Т.К.Чороев.Кыргыз тарыхы энциклопедиясы, Б.,1990
2. Материалы республиканской научной конференции, посвященной 80-летию со дня рождения известного ученого-историка, доктора наук, профессора Аттокурова Сабыра Аттокуровича, 12 апреля 2012 года – Бишкек, 2013. – 312 с. - Кыргызский Национальный университет им. Жусупа Баласагына. - ISBN: 978 9967 029 07 1; 9967 029 07 2.
3. С.Аттокуров,»Кыргыз этнографиясынын тарых наамасы» .Б.,1996.
4. А.Асанканов, Кыргызы: рост национального самосознания. Б., 1997.
5. https://nagrada.srs.kg/site/person/72171

---

***Таирова Айсулуу Шүкүралиевна***
*ОшМУнун Чыгыш таануу институтунун*
*чыгыш таануу кафедрасынын окутуучусу*

## А.А. АСАНКАНОВДУН ТАРЫХЫЙ БУЛАКТАРДЫ ИЗИЛДӨӨДӨГҮ САЛЫМЫ, ЭКСПЕДИЦИЯЛАРЫ ЖАНА ЭМГЕКТЕРИ

***Таирова Айсулуу Шукуралиевна***
*преподаватель кафедры востоковедения,*
*Института востоковедения ОшГУ*

## ВКЛАД, ЭКСПЕДИЦИИ И ТРУДЫ А. А. АСАНКАНОВА В ИССЛЕДОВАНИЕ ИСТОРИЧЕСКИХ ИСТОЧНИКОВ

***Tairova Aisuluu Shukuralievna***
*Lecturer at the Department of Oriental Studies,*
*Institute of Oriental Studies Osh State University*

## CONTRIBUTION, EXPEDITIONS AND WORKS OF A. A. ASANKANOV TO THE STUDY OF HISTORICAL SOURCES

**Аннотация.** Бул макалада А.А Асанкановдун кыргыз тарыхы жана маданияты жаатында чоң салым кошкон көрүнүктүү илимпоз катары кыргыз элинин тарыхын, этногенезин, көчмөн маданиятын жана мамлекеттүүлүгүн изилдеген жазма, оозеки жана археологиялык материалдарды колдонуу менен илимге жаңы фактыларды алып келген экспедициялары, эмгектери жана салымы каралат.

**Негизги сөздөр:** Кыргыз элинин этногенези, этнография, этносоциология, коомдук-маданий өнүгүү, Синьцзяндагы кыргыздар, миграциялык процесстер, кыргыздардын маданий баалуулуктары, Советтик мезгилдеги кыргыз айылдары, этностук өзгөчөлүктөр, кыргыздардын тарыхый-этнографиялык изилдөөлөрү.

**Аннотация.** В данной статье рассматриваются экспедиции, работы и вклад А.А. Асанканова как выдающегося ученого, внесшего большой вклад в область истории и культуры кыргызов, используя письменные, устные и археологические материалы для изучения истории, этногенеза, кочевой культуры и государственности Кыргызской Республики. кыргызского народа, принесшие в науку новые факты.

**Ключевые слова**: Этногенез кыргызов, этнография, этносоциология, социокультурное развитие, кыргызы в Синьцзяне, миграционные процессы, культурные ценности кыргызов, киргизские села в советский период, этнические особенности, историко-этнографические исследования кыргызов.

**Annotation.** This scientific article examines the expeditions, works and contributions of A.A. Asankanov as an outstanding scientist who made a great contribution to the field of history and culture of the Kyrgyz people, using written, oral and archaeological materials to study the history, ethnogenesis, nomadic culture and statehood of the Kyrgyz Republic. Kyrgyz people, who brought new facts to science.

**Key words:** Ethnogenesis of the Kyrgyz, ethnography, ethnosociology, sociocultural development, Kyrgyz in Xinjiang, migration processes, cultural values of the Kyrgyz, Kyrgyz villages in the Soviet period, ethnic characteristics, historical and ethnographic research of the Kyrgyz.

Абылабек Асанканов 1954-жылы 27-декабрда Нарын облусуна караштуу Жумгал районунун Жаңы-Арык айылында жарык дүйнөгө келген. 1972–1977-жылдары азыркы Жусуп Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин тарых факультетинде окуган. Окууну ийгиликтүү аяктагандан кийин эмгек жолун Жумгал районундагы Көл-Арык орто мектебинде мугалим болуп баштап, эки жылдан кийин Фрунзе политехникалык институтунда КПССтин тарыхы кафедрасынын окутуучусу катары уланткан. 1980–1983-жылдары СССР ИАнын Н.Н. Миклухо-Маклай атындагы Этнография институтунда күндүзгү аспирантурада окуган.

Москвадан алган теориялык-методологиялык билимин Кыргызстанда этносоциология багытын калыптандырууда, өзүнүн илимий мектебин түзүүдө ийгиликтүү колдонду.

Абылабек агай баштаган ишинин аягына чыкмайынча туруктуулук менен аракет кылган, уюштура жана шыктандыра билүүчү сапаттары менен айырмаланып турган инсан. Агайдын жетекчилигинде 1990-жылдардын башында Кыргызстандын бир топ шаарларын, айыл-кыштактарын жана калктын кеңири катмарын камтыган этносоциологиялык изилдөөлөр жүргүзүлгөн. Анын натыйжасында бир нече илимий эмгектер жаралды жана бир топ шакирттерди даярдады. Ал Кыргызстандагы этносоциология илимин жараткан, калыптандырган жана өнүктүргөн окумуштуу катары тарыхта өзүнүн изин калтырды жана аны азыр да өзүнүн окуучулары менен ийгиликтүү өнүктүрүп жатат. [4]

1990-ж. өлкөнүн айрым аймактарында, анын ичинде Кыргызстанда да улуттар аралык мамилелер курчуп турган кез эле. Ошондо КМУнун Археология жана этнография кафедрасынын базасында аталган проблемага арналган союздук деңгээлдеги илимий-практикалык конференция натыйжалуу өткөрүлгөн жана анын материалдары жарыяланган. Агай 1993-ж. Москвада жогоруда аталган институтта докторлук диссертациясын ийгиликтүү жактап, бул илим боюнча биринчи кыргыз доктору болду.

Агайдын уюштургучтугу, иштин көзүн таба билген жөндөмү, чечкиндүүлүгү "Манас" эпосунун 1000 жылдыгын белгилөөнү даярдоодо "Манас-1000" дирекциясынын алдында уюшулган өкмөткө караштуу "Мурас" ишкер долбоорунун директору болуп турганда бир топ иштерди өз убагында бүткөрүүгө мүмкүнчүлүк берген. Анда "Манас" үчилтигине, кыргыз тарыхына, этнографиясына, маданиятына арналган көптөгөн эмгектер, изилдөөлөр жарыяланган, илимий конференциялар, симпозиумдар, манасчылардын юбилейлерине ж.б. байланышкан бир топ иш-чаралар өткөрүлгөн. Анын ичинде кыргыз элинин этногенезине жана этностук тарыхына арналган бир топ өлкөлөрдүн

окумуштуулары катышкан илимий конференцияны өзгөчө бөлүп көрсөтүүгө болот. [4]

Абылабек Асанканович КМУ тарых факультетинин деканы, И.Арабаев атындагы КМУнун ректору, КРнын Президентинин аппаратынын социалдык саясат бөлүмүнүн башчысы, Этностук, диний саясат жана жарандык коом менен өз ара аракеттенүү бөлүмүнүн башчысы кызматтарын аркалады. [4] 1980-жылдардын аягында жазылган "Социально-культурное развитие современного киргизского сельского населения (опыт этносоциологического исследования)" . – Фрунзе, 1989. ("Азыркы кыргыз айыл калкынын социалдык-маданий өнүгүүсү (этносоциологиялык изилдөөнүн тажрыйбасы.– Фрунзе, 1989)". монографиясы айылдык кыргыз калкынын социалдык-маданий өнүгүүсү этносоциологиялык талдоо жүргүзгөн. [4]

А.А.Асанкановдун бул монографиясы советтик мезгилдеги кыргыз айыл калкынын турмушундагы социалдык-маданий өзгөрүүлөрдү, жаңы көрүнүштөрдү, орус тилинин коомдук турмушка тийгизген таасирин этносоциологиялык жактан изилдөөнүн алгачкы тажрыйбасы болуп калды.

СССРдеги Кайра куруу мезгилинин акыркы учурларында Кыргызстанда улуттук жандануу башталды: басма сөз беттеринде, ар түрдүү деңгээлдеги жыйындарда улуттук тил, маданият, шаарлашуу, шаарда жашап жана эмгектенип жаткан кыргыз жаштарынын социалдык-маданий абалы ж.б. көптөгөн көйгөйлөр ачыкка чыгып, кызуу талкууланып жатты, коомдук-саясий уюмдар түзүлдү жана жигердүү ишмердигин баштады. Бул көрүнүштөрдөн кыргыздардын улуттук өзүн-өзү аңдоо сезиминин жаңы шарттарга ылайык курчуп бараткынын көрүүгө болот эле. Мындай көрүнүш эгемендиктин алгачкы жылдарында да өлкөнүн жаңы багытын аныктоого байланыштуу уланып жатты. Бул феноменди изилдөө башка республикаларда аздыр-көптүр колго алынган. Ал эми бизде ага арналган иликтөөлөр жок болчу. Бул багыттагы алгачкы иликтөөлөр да агайга таандык, т.а. коомчулукка кеңири тараган "Кыргызы: рост национального самосознания. – Бишкек, 1997", ("Кыргыздар: улуттук өзүн-өзү аңдоонун өсүшү. – Бишкек, 1997") аттуу монографиясын жарыялады. Эмгекте, агай кыргыздардын өз улуттук кадыр-баркын сезүү, сыймыктануу сезиминин жогорулаганын, аларга таасир берген саясий, экономикалык, маданий фаторлорду ачып, аталган феномендин табиятын түшүндүрүүгө алгач кадам жасады. [4]

Кыргыз мамлекеттүүлүгүнүн 2200 жылдыгынын белгиленишине карата Алтай, Хакасия, Тува аймактарына атайын экспедиция уюштуруп, ага жетекчилик кылган. Кытайдын кыргыздар жашаган аймактарына бир нече жыл катары менен жүргүзгөн экспедициялык изилдөөлөрдүн натыйжасында "Кыргызы Синьцзяна (КНР) – Бишкек, 2010", ("Синьцзяндагы (КЭР) кыргыздар. – Бишкек, 2010)" аттуу монография жарыялады. Бул эмгекке Кытай өлкөсүндө да чоң маани берилгендиктен, баалагандыктан китепти 2 жолу басып чыгарышты. [3]

Китепте Синьцзян кыргыздарынын этногенези, этностук тарыхы, жашап жаткан аймагы, чарбасы, материалдык жана рухий маданияты, үй-бүлөлүк мамилелери, диний ишенимдери, жана жүрүп жаткан этномаданий процесстер кеңири чагылдырылган. [3] А. Асанканов Улуттук илимдер академиясынын Тарых институту менен Россия илимдер академиясынын Этнология жана антропология институтунун кызматташуусу менен, этнология илиминдеги кийинки 50 жыл аралыгындагы изилдөөлөрдү жыйынтыктаган "Кыргызы" ("Кыргыздар") деген томдун жарык көрүшүнө (М. 2016. 626 бет) жооптуу редакторлорунун бири катары чоң салым кошту. Москва шаарындагы абройлуу "Наука" басмаканасы жакынкы күндөрдө эле бул китепти кайрадан басып чыгарды.

Агай илим-билим чөйрөсүндө иштеген тажрыйбасы мол, жогорку деңгээлдеги кесипкөй адис катары көптөгөн Мамлекеттик Концепция, Программаларды иштеп чыгуучу топтордо ("Кыргызстандын элдеринин биримдигин чыңдоо жана улуттар аралык мамилелер Концепциясы", "Кыргыз жараны", Инсандын руханий-нравалык өнүгүүсү жана дене тарбия")

иштеди жана иштеп келе жатат. 2023-жылы А.Асанкановдун А.Эркебаев менен бирге жазган "Межэтнический конфликт в июне 2010 года на юге Кыргызстана. – Бишкек, 2023." ("Кыргызстандын түштүгүндөгү 2010-жылдын июнундагы этностор аралык конфликт. – Бишкек, 2023") деп аталган китеби жарык көрдү. Кыргызстандын түштүгүндө болгон бул окуяларга быйыл 14 жыл болду. Бул этностор аралык чыр-чатак эгемен Кыргызстандын тарыхынын кайгылуу барактарынан болуп калды. Чындыгында бул китеп абдан татаал маселеге – бир мамлекеттин эки этносунун ортосундагы конфликтке арналган.

Китепте көп мамлекеттик документтер, талаа материалдары кеңири колдонулган. Китептеги абдан маанилүү, баалуу маалыматтар, ой-пикирлер мамлекеттик башкаруунун бардык тепкичтеринде иштеген кызматкерлерге абдан зарыл жана керектүү. Бул китептеги жергиликтүү бийликтин уюштуруу иштеринин практикалык маанилүүлүгү абдан жогору. Кризистик кырдаалдагы бул элдик тажрыйба конфликттердин алдын алуу жана болтурбоодо тарыхый сабак катары эске алынышы зарыл. [1]

А.Асанкановдун эмгек жолунун кийинки этабы Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясы менен байланыштуу. Көрүнүктүү окумуштуу 2017-ж. Тарых жана маданий мурас институтунун директору кызматына киришип, азыркы күнгө чейин үзүрлүү иштеп келе жатат. Институттун структурасына айрым өзгөртүүлөрдү киргизүү, анын сапаттык курамын көтөрүү, илимпоздорго ыңгайлуу шарттарды түзүү багытында мекеменин жетекчиси катары көп алгылыктуу иштерди жасады.

Акыркы жылдары, илимий кадрлардын муундар ортосундагы байланышын камсыздоо багытында институттун курамын жаштар менен толуктоо боюнча алгылыктуу аракеттер көрүлүп, келечектен көпту үмүттөндүргөн, илимге шыктуу жаштар кызматка кабыл алынды. Академик А. Асанканов башка мамлекеттик органдар, жогорку окуу жайлары, музейлер, массалык маалымат каражаттары менен тыгыз байланышта болуп, ар кандай нормативдик-ченемдик актылардын, токтомдордун, жоболордун долбоорлорун даярдоого, илимий билимдерди жайылтууга, көргөзмөлөрдүн концепцияларын иштеп чыгууга өз сунуштарын берип келет. Мамлекеттүүлүккө, кыргыз тарыхындагы маанилүү окуяларга, тарыхый инсандардын юбилейлерине байланышкан мамлекеттик деңгээлдеги иш-чараларда агайыбыз жетектеген институт абдан көп иштерди аткарып жаткандыгын белгилеп коюш керек.

А.Асанканов Кыргызстанда этнолог жана этносоциологдордун чоң илимий мектебин түздү. Анын ишин улантып жаткан 60тан ашык шакирттери бар. Талыкпай изденген А. Асанканович 200дөн ашык илимий эмгектерди, анын ичинде 15 монография, 10 окуу китеби жана окуу-усулдук колдонмолорду жаратты. "Кыргыз тарыхы" энциклопедиясынын жооптуу редактору. Агай илимге кошкон салымы үчүн Кыргыз улуттук университетинин Ж.Баласагын атындагы медалы менен сыйланган, Кыргыз Республикасынын илим жана техника боюнча мамлекеттик сыйлыгына эки жолу татыктуу болгон. Эмгектери түрк, орус, англис, кытай тилдеринде жарык көрүп келе жатат. [4,5]

А.А Асанканов байыркы доорлордон азыркы мезгилге чейинки кыргыз тарыхын изилдөөгө өзгөчө көңүл бурган. Анын эмгектери кыргыз элинин этногенетикалык процесстерин, тарыхый байланыштарын жана маданий өзгөчөлүктөрүн терең түшүнүүгө мүмкүнчүлүк түзгөн. Ошондой эле кыргыз маданий мурастарын сактоо жана изилдөө боюнча практикалык иштерди жүргүзгөн.

А.А Асанканов Кыргызстандын аймактарында археологиялык жана этнографиялык экспедицияларды уюштурган. Бул экспедициялардын жүрүшүндө ал байыркы шаарлардын калдыктарын, көчмөндөрдүн жашоо-турмушуна байланышкан артефактыларды жана оозеки тарыхый маалыматтарды топтогон. Анын талаа изилдөөлөрү кыргыздардын көчмөн маданияты жана тарыхы боюнча жаңы ачылыштарды камсыз кылган.

А.А. Асанканов кыргыз тарыхы боюнча бир катар илимий монографиялардын, макалалардын, окуу китептеринин жана

колдонмолордун автору. Анын эмгектери илимпоздор, студенттер жана кыргыз тарыхына кызыккан окурмандар үчүн баалуу булак болуп саналат. Ал өз изилдөөлөрүндө тарыхый булактарды заманбап методология менен талдап, кыргыз элинин дүйнөлүк маданияттагы ордун көрсөтүүгө умтулган. [3] Асанкановдун илимий эмгектери кыргыз этнографиясы жана этносоциологиясы боюнча баалуу маалыматтарды камтыйт жана бул тармактагы изилдөөлөр үчүн маанилүү булак болуп саналат.

**Негизги илимий эмгектери:**

1."Азыркы кыргыз айыл калкынын социалдык-маданий өнүгүүсү (этносоциологиялык изилдөөнүн тажрыйбасы)" (Фрунзе, 1989): Бул монографияда советтик мезгилдеги кыргыз айыл калкынын турмушундагы социалдык-маданий өзгөрүүлөр этносоциологиялык жактан изилденген.

2. "Кыргызы: улуттук аң-сезимдин өсүшү" (1997). Бул эмгек кыргыз элинин улуттук аң-сезиминин калыптанышы жана өнүгүүсүнө арналган.

3. "Кыргызстандын тарыхы (байыркы мезгилден бүгүнкү күнгө чейин)" (2009). Жогорку окуу жайлар үчүн окуу китеби катары жазылган бул эмгекте Кыргызстандын тарыхы байыркы доорлордон азыркы учурга чейин кеңири чагылдырылган.

4. "Синьцзяндагы (КЭР) кыргыздар" (Бишкек, 2010): Бул эмгекте Кытайдын Синьцзян аймагындагы кыргыздардын жашоо-турмушу, маданияты жана этностук өзгөчөлүктөрү изилденген.

5. "Жунго Шинжаң кыргыздары" (2013). Бул монографияда автор Синьцзяндагы кыргыздардын жашоо-турмушун, маданий өзгөчөлүктөрүн жана тарыхын кеңири изилдеген.

6. "Кыргыздар" (Москва, 2017). Бул фундаменталдуу эмгек кыргыз элинин этногенезин жана тарыхый-маданий байланыштарын жаңы илимий жетишкендиктердин негизинде иликтейт.

7. "Синьцзян кыргыздары (Кытай Эл Республикасы)" (2010). Бул эмгекте Кытайдын Синьцзян аймагындагы кыргыздардын тарыхы, маданияты жана этнографиясы изилденген.

Асанкановдун бул эмгектери кыргыз тарыхы жана этнографиясы боюнча баалуу маалыматтарды камтып, илимий чөйрөдө жана коомчулукта жогору бааланат. А.А. Асанканов кыргыз тарыхы, этнографиясы жана археологиясы боюнча маанилүү изилдөөлөрдү жүргүзүү үчүн бир катар илимий экспедицияларды уюштурган жана жетектеген. Бул экспедициялар кыргыз элинин маданий, этнографиялык жана тарыхый мурастарын изилдөөдө чоң салым кошкон.

**Илимий экспедициялары:**

1. Кыргызстандын аймагындагы этнографиялык экспедициялар. А.Асанкановдун жетекчилиги астында бир катар этнографиялык экспедициялар өткөрүлгөн. Бул экспедициялар кыргыздардын салттуу каада-салттарын, улуттук кийимдерин, оозеки чыгармачылыгын жана кол өнөрчүлүгүн изилдөөгө багытталган. Түштүк Кыргызстандын аймагында (Ош, Баткен жана Жалал-Абад облустары) жергиликтүү кыргыздардын салттарын жана маданий өзгөчөлүктөрүн иликтөө. Ысык-Көл жана Нарын аймактарындагы көчмөндөрдүн жашоо-турмушун изилдөө. [1]

2. Археологиялык казуулар жана тарыхый эстеликтерди изилдөө:

Талас өрөөнүндө байыркы шаарлардын калдыктарын жана көчмөндөрдүн маданияттык издерин изилдөө. Кыргызстандын Теңир-Тоо аймагында археологиялык изилдөөлөр жүргүзүп, бул жерден табылган көчмөн маданиятка тиешелүү артефактыларды анализдөө.

3. Кытайдагы Синьцзян аймагына болгон экспедициялар:

Асанканов Синьцзяндагы кыргыздардын жашоо-турмушу, тарыхы жана маданияты боюнча изилдөөлөр жүргүзгөн. Бул экспедициялар ал жактагы кыргыздардын маданий мурастарын сактоого жана алардын этнографиялык өзгөчөлүктөрүн түшүнүүгө чоң салым кошкон. Синьцзяндагы кыргыздардын көчмөн турмушу жана салт-санаасы жөнүндө кенен маалыматтар топтолгон. [3]

4. Энесай кыргыздарына байланыштуу изилдөөлөр. Саякбай жана Чокморовдун жолун жолдоп, байыркы Энесай кыргыздарынын маданий-тарыхый мурастарын изилдөө боюнча бир нече сапар уюштурган. Ал байыркы кыргыздардын

жазуу эстеликтерин жана алардын таш бетиндеги жазууларын кеңири иликтеген.

5. Казакстан жана Өзбекстандагы кыргыздарга байланыштуу экспедициялар. Бул өлкөлөрдө жашаган кыргыздардын этнографиялык өзгөчөлүктөрүн жана алардын маданий байланыштарын изилдеген.

Жыйынтыктап айтканда, А.А. Асанканов – Кыргызстандын тарыхы, маданияты жана этнографиясы жаатында чоң салым кошкон көрүнүктүү илимпоз, тарыхчы жана археолог. Анын ишмердүүлүгү кыргыз тарыхын жана маданий мурастарын изилдөөгө багытталган. Асанкановдун тарыхый булактарды изилдөөдөгү салымы, жүргүзгөн экспедициялары жана жазган эмгектери тууралуу төмөнкүдөй маалыматтарды келтирсе болот:

**Тарыхый булактарды изилдөөдөгү салымы**

***1. Кыргыз элинин тарыхын терең изилдөө***

А.А Асанканов кыргыз элинин байыркы тарыхын, анын ичинде көчмөн маданиятын, этногенезин жана мамлекеттүүлүгүнүн өнүгүшүн изилдеген. Ал байыркы жазуу булактарын, оозеки мурастарды жана археологиялык табылгаларды кеңири колдонгон.

***2. Жазма булактарды анализдөө***

А.А Асанканов жазма булактардан алынган маалыматтарды этнографиялык жана археологиялык далилдер менен салыштырып, жаңы илимий жыйынтыктарды чыгарган. Анын изилдөөлөрү кыргыз тарыхын кайрадан терең карап чыгууга өбөлгө түзгөн.

***3. Маданий жана тарыхый мурастарды сактоо***

Ал кыргыз элинин маданий мурастарын сактоого жана калыбына келтирүүгө чоң салым кошкон. Маданий эстеликтерди изилдөөнү жана коргоону илимий негизде уюштурган.

**Экспедициялары**

***1. Археологиялык экспедициялар***

Асанканов Кыргызстандын аймактарында өткөрүлгөн археологиялык казууларга жетекчилик кылган. Ал Теңир-Тоодогу жана Фергана өрөөнүндөгү байыркы шаарлардын калдыктарын изилдөөгө катышып, кыргыз маданиятынын тамырын иликтеген.

***2. Этнографиялык изилдөөлөр***

Кыргызстандын аймактарында этнографиялык маалыматтарды топтоо максатында бир нече талаа экспедицияларын уюштурган. Бул экспедициялар элдик каада-салттарды, улуттук кийимдерди, музыкалык аспаптарды жана башка маданий элементтерди изилдөөгө арналган.

***3. Чет өлкөлөргө болгон экспедициялар***

Ал Борбор Азия жана башка аймактардагы кыргыздарга тиешелүү маданий байланыштарды жана тарыхый процесстерди изилдөө максатында эл аралык экспедицияларга да катышкан.

Абылабек Асанканов — белгилүү этнограф жана тарыхчы, тарых илимдеринин доктору, профессор, Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын академиги. Анын илимий эмгектери кыргыз элинин этногенезине, этнографиясына жана этносоциологиясына арналган.

**Эмгектери**

***1. Илимий монографиялар жана макалалар***

Асанканов бир катар илимий монографиялардын жана макалалардын автору. Анын эмгектери кыргыз элинин тарыхы, маданияты, этнографиясы жана археологиясы боюнча баалуу маалыматтарды камтыйт.

***2. Окуу китептери жана колдонмолору***

Ал студенттер жана илимпоздор үчүн кыргыз тарыхына арналган окуу китептерин жана колдонмолорун жазып чыккан. Бул китептер илим менен билим берүүдө кеңири колдонулат.

***3. Көркөм жана тарыхый очерктер***

Тарыхты популяризациялоо максатында, Асанканов тарыхый темадагы очерктерди жана коомчулук үчүн жеткиликтүү формада жазылган чыгармаларды жарыялаган. А.А. Асанкановдун тарыхый булактарды изилдөөдөгү терең эмгектери, жүргүзгөн экспедициялары жана жарыялаган эмгектери кыргыз тарых илиминин өнүгүшүнө чоң салым кошуп, улуттук маданий мурастарды сактоого жана жайылтууга олуттуу өбөлгө түзгөн.

А.А. Асанканов – кыргыз тарыхы жана этнографиясы боюнча көрүнүктүү окумуштуу, тарых илимдеринин доктору,

профессор, Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын академиги. Анын илимий эмгектери кыргыз элинин тарыхын, этногенезин, социалдык жана маданий өнүгүүсүн изилдөөгө арналган.

А.А Асанкановдун экспедицияларынын жүрүшүндө топтолгон маалыматтар анын илимий эмгектеринде чагылдырылган. Ал ар бир экспедициясында тарыхый жана этнографиялык булактарды кеңири колдонуу менен, кыргыз элинин маданияты жана тарыхы боюнча баалуу материалдарды илимий жүгүртүүгө киргизген. Бул иштер кыргыз элинин тарыхый өзгөчөлүктөрүн жана бай маданий мурастарын изилдөөгө жана сактоого олуттуу өбөлгө түзгөн.

**Адабияттар:**


1. Асанканов А. Жуңго Шинжан кыргыздары // Кызылсуу кыргыз басмасы. 2013.
2. Асанканов А. Кыргызы Синьцзяня (КНР) // Б.,2010.
3. Асанканов А.А., Осмонов Ө.Ж., Кыргызстан тарыхы // Б., 2010
4. Жапаров А.З., Жоошбекова А.Р., Эралиев С.Н. Кыргыздын кыйырын изилдеген окумуштуу, педагог [Электрондук ресурс] // Интернет-журнал тарыхы. – URL: https://kyrgyztuusu.kg/archives/15469 (дата: 27.12.2024).
5. Таиров Х.Р. «Акыркы 44».


УДК: 947.1/ 7


**Зулпуева Р.**
т.и.к. доцент
Ош мамлекеттик педагогикалык университети,
**Эргешова Б.**
улук окутуучу, магистр


## КЫРГЫЗ ЖАРАНЫ КОНЦЕПЦИЯСЫНЫН ТҮЗҮЛҮШҮНДӨ БЕЛГИЛҮҮ КЫРГЫЗ ЭТНОГРАФЫ, ПРОФЕССОР А.АСАНКАНОВДУН ИЛИМИЙ ЭМГЕКТЕРИНИН МААНИСИ


**Зулпуева Р.Ж**
к.и.н. доцент .
Ошский государственный педагогический университет
**Эргешова Б.М.**
ст.преп., магистр


## ЗНАЧЕНИЕ НАУЧНЫХ ТРУДОВ ИЗВЕСТНОГО КЫРГЫЗСКОГО ЭТНОГРАФА, ПРОФЕССОРА А.АСАНКАНОВА В ФОРМИРОВАНИИ КОНЦЕПЦИИ КЫРГЫЗ ЖАРАНЫ


**Zulpueva R.Zh.**
Osh State Pedagogical University
Ph.D. associate professor.
**Ergeshova B.M.**
senior teacher master


## THE SIGNIFICANCE OF THE SCIENTIFIC WORKS OF THE FAMOUS KYRGYZ ETHNOGRAPHER, PROFESSOR A. ASANKANOV IN THE FORMATION OF THE CONCEPT OF THE KYRGYZSTANI

**Аннотация.** Кыргыз тарых илиминде өздөрүнүн татыктуу эмгеги менен айырмаланган бир катар инсандардын арасында тарых илиминин доктору, профессор Абылабек Асанкановдун ысмы орун алып келет. Агай бир топ жыл республикабыздын жогорку билим берүү чөйрөсүндө үзүрлүү эмгектенүү менен бирге Кыргыз тарых илимине барандуу эмгектерди жарата алды. Жарым кылымдык эмгек жолунда этнографиялык маалыматтары жана или-